
# Киринди сөз



Мугалим:Рыскелдиева А.З

- **Кириндиcөз** — айтылуучу ойдун түрдүү кырдаалын билдирген сөздөр же сөз тизмектери.

Албетте, бардык жандыктар түгөйү менен жүрөт.



- Албетте, бардык жандыктар түгөйү менен



- Менин телефонум , бактыга жараша, жоголбой калыптыр.

- Балким, сөзсүз, кантсе да, кыязы, башкача, айтканда, кыскасы, тескерисинче, менимче, алды менен, көрсө

# Маанилери:
# 1)

- Сүйлөөчүүнүн айтылып жаткан ойго болгон ички мамилесин, эмоционалдык сезмимин билдирүүчү (кубаныч, капалануу, кайгысын, таңдануу, ыракат, өкүнүү ж.б.) сөз жана сөз тизмектериз . Мисалы, бактыга жараша, тилекке жараша, айла канча, кантейин, койчу ж.б.
- Кантейин, мындай болот деп ким ойлоптур. Бактыгы жараша, күн ойдогудой болду.

# 2)

- Сүйлөм аркылуу берилип жаткан ойдун тууралыгын, күмөндүгүн, болжолун, ачык – айкындыгын сөз жана сөз тизмектери . Мисалы, ырас, албетте, сөзсүз, чынында, чынын айтканда, кандай болбосун, *кандай кылса да,* чын эле, мүмкүн, арийне, сыягы, болжолу, айтмакчы, демекчи, асыресе, *болду болбоду*, баса десең ж.б.
- Мисалы: Мүмкүн, дагы деле ойлоно берет.

# 3)

- Айтылып жаткан ойдун ким тарабынан экендигин билдирет: менимче, менин оюмча, анын пикиринче, сенин айтканыңа караганда, менин байкоомчо,сенин байкооңо караганда, анын айтуусу боюнча , биздин көз карашыбызча ж.б.
- Мисалы:Менимче, Дастандан мыкты кожоюн чыгат.

# 4)

- Айтылып жаткан ойго угуучунун көңүлүн буруу үчүн дагы бир нече сөздөр, кириндi сөздөр колдонулат: тигине, айтмакчы, баарыбызга маалым, баарыбызга белгилүү ж.б.
- Айтмакчы, баягы адаты дагы кармады.

# 5)Айрым киринди сөздөр

- Айрым киринди сөздөр ойду тактоо, жыйынтыктоо иретинде колдонулат: бир сөз менен айтканда, кыскасы, жыйынтыктап айтканда, тактап айтканда, ырасын айтканда, чындыгында, чынын айтканда, жалпы алганда, бетке айтканда, сылык айтканда, орой айтканда, башкача айтканда, баамымда ж.б.
- Мисалы:Чынын айтканда, окубагандары жаман көрөм.

# 6)

- Ойдун ырааттуулугун , байланышы билдирүүчү кириндi сөздөр жана сөз тизмектери: биринчиден, экинчиден, ошентип,демек, ошону менен бирге, ошону менен катар, тескерисинче, бир жагынан алганда, деген менен, негизинен, жгоруда көрсөтүлгөндөй ж.б.
- Мисалы: Ошентип, баягы билбегенде да билип калды.

# Киринди сүйлөмдөр

- Амангелди айткандай, өзү ойлогондой, өзү айтып бергендей, чечендер сүйлөгөндөй, кечээ бэле айтылган сыяктуу, түшүмдө көргөн өңдүү, мындан да жакшы болобу, ушундай да мааанилүү болобу, эгерде ачыгын айтсак, мен ойлодум эле, ишенгем элем, эмнесин айтасың,  амал  жок, айла түгөндү, айла канча, амал кайсы, мен унутпасам, сен айткандай, ошондой эле болсун, энем айткандай, өзүң билесиң, байкадыңбы, байкады бекен, угуп отурасың, билип турасың ,түшүнөсүзбү, билесиңби, уруксат этиңиз, сизден өтүнөм, кечириңиз, түшүнчү деги, ойлонуп көр ж.б.

# Эскертүү

- Жогоруда көрсөтүлгөн бардык киринди сөздөр дайыма эле киринди сөздөрдүн милдетин аткара бербейт. Тактап айтканда , башка бир контекстте , башкача айтканда, кадыресе эле сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара берет.
- Мисалы :
- 1) Ырас (киринди сөз), ал эч нерсе билбей калды.
- 2) Анын эч нерсе билбей келгени ырас (баяндооч).
- 3) Мүмкүн (киринди сөз), баланын да билгени бар чыгар.
- 4) Бала да билип калышы мүмкүн (баяндооч)

# Тыныш белгилери:

- Kиринди сөздөр сүйлөмдүн башында келсе, өзүнөн кийин үтүр коюлат.
- Kиринди сөздөр сүйлөмдүн ортосунда келсе, эки жагынан үтүр коюлат.
- Kиринди сөздөр сүйлөмдүн аягында келсе, өзүнөн мурда үтүр коюлат